Улук Аллах Таала силерди атаңардын аты менен касам ичүүдөн тыйды

Умар бин Хаттаб (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Улук Аллах Таала силерди атаңардын аты менен касам ичүүдөн тыйды". Умар айтат: Аллахка касам ичип айтам, Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) мындан тыйганын уккандан бери, атайлап да, бирөөнүн айтканын кайталап да, атамдын аты менен касам ичпедим.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллах Таала ата-бабанын аты менен касам ичүүдөн тыйганын кабарлаган. Касам ичүүнү каалаган адам Аллахтын аты менен гана касам ичсин, Андан башка менен касам ичүүгө болбойт. Анан Умар бин Хаттаб (ага Аллах ыраазы болсун) ошол Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бул тууралуу уккандан бери бир да жолу антип касам ичпегенин эскерет. Атайын да, Аллахтын атынан башкага касам ичкен бирөөнүн сөзүн кайталап да минтип касам ичкен эмес экен.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/2945